# “Бир арман”

**Сөзү: Мээркан Токсобаева**
**Обону: Туратбек Дүйшеев**

Өрттөй сүйүү келбей калды,
Өксүгүмдү жеңбей калды.
Өкүнүчтүн жашын төктүм,
Төкпөгөнгө аргам барбы[2].

**Кайырма:**
Көкүрөктө муңум калды,
Көмүскөдө бугум калды.
Көңүлүмдө сактайт окшойм,
Өчпөй турган бул арманды[2].

Сүйүү бизден кетип калды,
Саргаярын сезип калды.
Айтчу сага таттуу сөздөр,
Акылымдан өчүп калды[2].

**Кайырма:**
Кандай жансың билбей койдум,
Карегиңе илбей койдум.
Узун түндө уктабастан,
Учун издейм ушул ойдун.

Махабатым кайтпай калды,
Барактарым актай калды.
Өткөн күнгө окүнүчүм,
Жүрөгүмө батпай калды.

**Кайырма:**
Сендик сезим гүлдөбөдү,
Сүйүү таптым жүр дебеди.
Тозуп туруп кайра узаттым,
Толкун урган бир кемени[2].